**Кыргыз тили**

**4-класс**

***2-чейрек***

**№1.** Китепканачы китептерди иреттеп тизүү үчүн Максатка тамгаларды алфавиттик тартипте ирети менен коюп берүүсүн суранды. Бирок Максат алфавиттеги тамгалардын санын толуктай албай көпкө убараланды. Кайсы тамгаларды таппай жатат деп ойлойсуң? Себебин жаз.

Себеби:___________________________________________________________________________

**№2.** Алфавиттик тартипте жазылган сөздөрдү белгиле.

а) Аким, пальто, өчүргүч, чакчыгай

б) Атом, цемент, хоккейчилер, нарк

в) Дарыкана, жаз, айлана, ишмер

г) Йод, сагызган, узундук, фартук

**№3.** Таблицадагы оң жактагы сөздөрдү окуп, муунга бөл. Муундун түрлөрү боюнча дал келтир.

| | **Муундар** | | **Сөздөр** |
|---|---|---|---|
| А | туюк муун + туюк муун | 1 | эрдик |
| Б | ачык муун + туюк муун | 2 | бака |
| В | жабык муун + туюк муун | 3 | баатыр |
| Г | ачык муун + ачык муун | 4 | тырмак |
| | | 5 | ташка |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**№4.** «*Окуя*» деген сөзгө тиешелүү, туура келген жоопту тегеректе.

а) Бул сөздө бардыгы жумшак үнсүздөр.

б) Бул эки муундуу сөз.

в) Бул сөз ташымалданбайт.

г) Бул сөздө ичке жана жоон үндүүлөр.

**№5.** Макалдарды оку. Тапшырмаларды аткар.

Уялбагандан өзүң уял.

Сууну сиңген жерге сеп.

Атаны сыйласаң – акылын ук.

*Бир саптан экинчи сапка ташымалдоого болбой турган сөздөрдү таап жаз жана тиешелүү эрежелер менен далилде:*

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

**№6.** Сүрөттөрдү карап, таблицаны толтуруп жаз.

| | | |
|---|---|---|
|  1 |  2 |  3 |

| № | Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөр | № | Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөр |
|---|---|---|---|
| 1. | | 1. | |
| 2. | | 2. | |
| 3. | | 3. | |

**№7.** Сөздөрдү оку, төмөнкү эки топко бөлүп жаз.
*Кесме, уйчу, ишмер, илгич, шыпырынды, Кыргызстан, арабакеч.*
Зат атоочтон зат атооч жасалган сөздөр: ___________________________________________
Этиштен зат атооч жасалган сөздөр: ____________________________________________________

**№8.** Таблицада берилген сүйлөмдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү туташтырып сүйлөм түз.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | Кыргызстан... кайсы аймак... алтын... бай. | 1 | -ып, -го, -ду |
| Б | Токмок... окуган окуу... кел... | 2 | -нын, -ы, -га |
| В | Эт быш..., кол... суу куюл.... | 3 | -чу, -да, -теди |
| Г | Жумуш... талаа... жалгыз иш... | 4 | -га, -нын, -чы |
| | | 5 | -то, -чу, -ди |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**№9**. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөн татаал сөздөрдү таап, таблицага бөлүштүрүп жаз.
**1.** *Ала-Арча корукка алынган жай.* **2.** *Кыргызда ага-ини бири-биринин көңүлүн оорутпайт.*
**3.** *Ары-бери баспай китеп окусаң боло!* **4.** *Мугалимдер педкеңештен жаңы чыгышты.*
**5.** *Ашказан ооруга бака жалбырак жакшы деп айтышат.* **6.** *Канаттуулардын эң чоңу болгон төө кушту жакындан көргүм келет.* **7.** *Эжем БМУ да окуйт.*

| **Кош сөздөр** | **Кошмок сөздөр** | **Кыскартылган сөздөр** |
|---|---|---|
| ____________________ | ____________________ | ____________________ |
| ____________________ | ____________________ | ____________________ |
| ____________________ | ____________________ | ____________________ |
| ____________________ | ____________________ | ____________________ |

**№10.** Берилген сөздү катыштырып сүйлөм түз. Ал сөздүн маанисин билдирген эки сөз жазып, уңгу, мүчөгө ажырат.
*Айдан ачык*
Сүйлөм: ______________________________________________________________________
Сөздүн мааниси (уңгу-мүчөсү):____________________________________________________

**№11.** Табышмакты оку, жандырмагын тап. Уңгулары бирдей болгон сөздөрдүн астын сыз.
Басса басат,
Жатса жатат,
Көмсө көмүлбөйт,
Караңгыда көрүнбөйт. (.....ө) ______________________

**№12.** Сүйлөмдөрдөн баяндооч сөздөрдү таап, алардын синонимдерин жаз.
*1. Сүрөтчү аны карап жылмайды.*
*2. Атам убакыттын жетпей калганына кайгырды.*
*3. Бүгүнкү жөө күлүктөр мыкты жүгүрүштү.*
1.______________________________________________________
2.______________________________________________________
3.______________________________________________________